КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН
I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 8- КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ

ТОКТОМ

2025-жылдын 20- май № 43

Оргочор айылы

Тилекмат айылынын башкы планын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-августундагы “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-2025-жылдарга Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарынын башкы пландарын иштеп чыгуу боюнча программасын бекитүү жөнүндөгү” №490 токтому менен бекитилген программага ылайык, республикадан акча каражаты бөлүнүп Кыргыз Республикасынын Курулуш архитектура жана турак жай коммуналдык чарба министрлигине караштуу шаар куруу жана архитектура боюнча Департаментинин №4 өнөрканананын башчысы Оролбаев Азамат Орозбековичтин, шаар куруу жана архитектура боюнча Департаментинин №4 өнөрканананын башкы адиси, долбоордун башкы архитектору Калысбек Төлөбаевдин Тилекмат айылынын башкы планы боюнча билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап жергиликтүү кеңештин сессиясы **токтом кылат:**

1. Тилекмат айылынын башкы планы айыл тургундары менен болгон жыйындын негизиндеги сунуш пикирлерди эске алуу менен бекитилсин.

2. Башкы план Жети-Өгүз районунун шаар куруу жана архитектура башкармалыгы менен макулдашылсын.

3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңешинин айыл чарба жана экология маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөт башчысына жүктөлсүн.

Төрага **А.Тыныбеков**